# Бийик тоолордо



Автор: Ирина Молчанова

Сүрөтчү: Елена Кисенкова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Бийик тоолордо

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Альпийские луга Кыргызстана*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/), за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Бийик тоолордо" (кыргыз тилинде), автор Ирина Молчанова, сүрөтчү Елена Кисенкова, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сырткы бет Iona Ily és, © 2021 www.pixabay.com www.lenagold.ru. https://pixabay.com/de/photos/gelb-f eld-blumenwiese-bergwiese-3123271/ https://img-f otki.y andex.ru/get/16183 /2839712.5a/0_14e481_f 0748b83_orig; © 2021 www.lenagold.ru. https://img-f otki.y andex.ru/get/4907/981986.a4 /0_92c88_850f 3c42_orig; 2-б ily essuti, Alpenwild, rottonara, © 2021 www.pixabay.com www.lenagold.ru. https://pixabay.com/de/photos/gelb-f eld-blumen-wiese-bergwiese-3123271/ https://pixabay.com/it/photos/papav erof iore-dolomiti-montagna-4338915/ https://img-f otki.y andex.ru/get/16183/2839712.5a/0_14e481_f 0748b83_orig https://pixabay.com/de/photos/gelb-f eld-blumen-wiese-bergwiese-3123271/; 3-б v ulkahn-22, Pat_Scrap, © 2021 www.pixabay.com . https://pixabay.com/no/photos/edelweiss-alpine-alpine-blomst-3424452/ https://pixabay.com /es/photos/f lores-edelweiss-p%C3%A9talos-hojas-5550031/; 4-б Jean Beauf ort, © 2021 www.needpix.com www.lenagold.ru. https://www.needpix.com/photo/1428843/ http://img.lenagold.ru/t/trav /trav a20.png; фотограф: Phillipcspence, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com /f i/photos/maakotka-kotka-lintu-raptor-luonne-4995189/; 7-б scott mirror, © 2021 www.shutterstock.com. 8-б Arkady San-54, © 2021 www.shutterstock.com. 9-б Makalu, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/f i/photos/kirgisia-alabel-pass-siirr%C3%A4-sola-4672666/; 10-б Jim Cumming, © 2021 www.shutterstock.com. 11-б © 2021 www.pxhere.com. https://pxhere.com/en/photo /1374119, © 2021 www.lenagold.ru. https://img-f otki.y andex.ru/get/16183/2839712.5a/0_14e481_f 0748b83_orig.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жайында Санжардын үй-бүлөсү жайлоого көчүп келишти.

Таң эртең менен чоң атасы койлорун жайып чыгууга камынды. Санжар чоң атасына жардам берейин деп ээрчиди. Ал чоң атасы менен жүрсө эч качан эрикпей тургандыгын билет.

Түштөнүүгө нан, айран алып, небере менен чоң ата кой артынан жөнөштү.



– Чоң ата, биз эмне үчүн койлорду бийик тоолорго айдап жатабыз? – деп сурады Санжар, бөлүнүп кеткен козуларды кайтарып.

– Деңиз деңгээлинен болжол менен 3 000 метр бийиктикте өзгөчө жайыттар бар. Жайында тоодогу чөп бийик өспөсө да, алар ар түрдүү жана абдан ширелүү болот. Тоодогу гүлдөр кандай жыпар жыттанат! - деп чоң атасы терең дем алып, ырахаттана көзүн жуумп турду. - Мамыры гүл, каакым, байчечекей жана башка көп түрдүү гүлдөр өсөт. Алардын канча түрү бар экенин санап да бүтө албайсың. Жазында тоо боорлорун кызгалдак жана жоогазын каптайт.

Койлорду карайлы, болбосо бириндеп чачырап кетет, – деди чоң атасы.



Акыры, алар түрдүү чөптөр, гүлдөр жайкалган чоң жайытка келишти.

Койлор чөптүн мындай көп түрдүүлүгүнө аябай кубангансып, ордунан жылбай оттоп жатты. Санжар менен чоң атасы эс алып отурушту.

– Карачы, кандай сулуулук! Жайлоодо канчалаган гүлдөр бар. Тиги ак түктүү гүлдү көрүп жатасыңбы? Бул эң бийик тоолордо өсүүчү мамыры гүлү, орус тилинде *эдельвейс* деп аталат. Францияда муну “альпы жылдызы”, Италияда “аскалардын күмүш гүлү” дешет. Бул гүл Кызыл китепке киргизилген, ошондуктан аны коргошубуз керек, – деди чоң ата.



– Чоң ата, тиги кочкул кызыл жүндүү жандыкты карасаңыз, – деди Санжар.

– Бул суур. Коён, түлкү, кашкулак, каман, карышкыр жана күрөң аюу сыяктуу жаныбарлар да бар. Биздин тоолордо суурлардын сейрек түрү – мензбир сууру да кездешет. Ал да Кызыл китепке киргизилген. Коргоого алынгандан кийин, алардын саны жыл сайын өсүүдө.

Жайында алар семирип, аяк оона айында чээнге кирип, уйкуга кетишет.




– Кайсы китепти айттыңыз эле? Эмне үчүн аны кызыл дешет?

– Бул абдан маанилүү китеп. Кыргызстандын Кызыл китебине сейрек кездешүүчү жана жоголуп бараткан өсүмдүктөр менен жаныбарлар киргизилген. Биздин планетадан таптакыр жоголуп кетпеши үчүн аларды коргоп, сакташыбыз керек.



Бир маалда Санжар асмандан чоң кара кушту көрдү. Ал канаттарын жайып, каалгый учуп баратты.

– Бул эмне куш, чоң ата? – деп сурады бала куштан көзүн айырбай.

Бүркүт. Ал да Кызыл китепке киргизилген. Илгертен эле көчмөндөр бүркүт таптап, түлкү, карышкыр, марал жана кийиктерге салышкан.



– Бүркүт ушунчалык күчтүү кушпу? – деп Санжар таң калды.

– Ооба, анын көздөрү да курч. Мисалы, коёнду ал эки чакырымга чейинки аралыктан көрө алат.

– Менин көздөрүм да ушундай болсо, бир да кой менден жашынып кала алмак эмес экен ээ! – деп Санжар күлүп жиберди.



– Баса, жайыттарда кайберендер – арка-кулжалар, эчки-текелер жашайт. Бул жаныбарлар койдон чоң болушат. Алардын узун, буралган мүйүздөрү бар, – деди чоң ата.

– Оор мүйүздү көтөрүп жүрүү кыйын болсо керек ээ? – деди Санжар, өзүн башында мүйүзү бардай элестетип.

– Аркарлар дээрлик жок болуп баратат. Ошондуктан аларды да Кызыл китепке киргизишкен. Аркарларга аңчылык кылууга таптакыр тыюу салынат, – деди чоң ата.



– Ал эми тиги аскаларда бийик тоолуу аймактын ээси – илбирс жашайт. Бул жерде андан күчтүү жаныбар жок, – деп сөзүн улады чоң ата.

– Мен анын алдынан чыккым келбейт, – деди Санжар .

– Коркпо! Ак илбирсти жолуктуруу дээрлик мүмкүн эмес. Адамдар көбүнчө анын изин гана көрүшөт. Илбирстер үч миң метр бийиктиктен ылдый түшпөйт. Алар жалгыз жүргөндү жактырат.



– Оо, ал колго түшпөс жаныбар турбайбы! – деп Санжар таңданды.

– Ооба. Олжосун кууп баратканда, илбирс он метр узундукка жана үч метр бийиктикке секире алат. Ал дарактарга шамдагай чыгып, дарыялардан да сүзүп өтөт, – деди чоң ата.



– Чоң ата, илбирстер да аз эле калдыбы? – деп сурады Санжар.

– Ооба. Бул жаныбар Эл аралык жаратылышты коргоо уюмунун Кызыл тизмесине киргизилген. Илбирс Орусия, Монголия, Кытай, Казакстан, Афганистан, Индия, Кыргызстан, Непал, Пакистан, Тажикстан, Өзбекстан жана Бутан мамлекеттеринин аймактарын мекендейт. Планетабызда бул сейрек кездешүүчү жырткычтын саны төрт миңдей эле калды, – деп жооп берди чоң ата.



– Чоӊ ата, мен чоӊойгондо сейрек кездешүүчү жаныбарлардын баарын сөзсүз коргойм, – деди Санжар.

– Ошент, балам, – деп чоӊ атасы небересин башынан сылады. – Ар бир адам жаратылышты коргошу керек. Адамдар жаратылышка ансыз да көп зыян келтиришти. Табиятыбыз ушунчалык укмуштай кооз жана керемет! Эмесе, уулум, койду айда! Үйгө жөнөйлү, – деди чоӊ ата.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев



Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.lenagold.ru, www.shutterstock.com, www.pixabay.com
www.pxhere.com, www.needpix.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли